КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН
ЛЕЙЛЕК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО
КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ
КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЛЕЙЛЕКСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын

№ 78- Чечими

2021-жылдын 13-апрели

Исфана шаары

"Бүтүн-Кыргызстан" саясий партиясынын арыз даттануусу жөнүндө

2021-жылдын 12-апрелинде саат 11:25те Лейлек аймактык шайлоо комиссиясына "Бүтүн-Кыргызстан"саясий партиясынын Исфана шаардык бөлүмүнөн арыз келип түшкөн. Арызга саясий партиянын жергиликтүү 6 мүчөсү кол койгон. Арыздын мазмунунда 11-апрель күнү өткөрүлгөн шайлоодо Исфана шаардык кеңешиндеги 6 шайлоо участкаларында ( УШК №8019, 8020,8021,8022,8182,8187) атайын уюштурулган автомашиналар менен шайлоочуларды ташып, кайсы партияга добуш берүүнү шайлоочуларга айтып турган деген билдирүү жазган. Мындан сырткары ушул эле арызда Исфана шаар мэриясына караштуу айыл башчылар шайлоо участокторунда жүрдү деген маалымат камтылган. Буларды одоно мыйзам бузуу катары эсептеп, 6 шайлоо участкаларында ( УШК №8019, 8020,8021,8022,8182,8187) шайлоо жыйынтыгын жокко чыгарууну талап кылган.

Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын шайлоо мыйзамдарынын бузулушу боюнча келип түшкөн даттанууларды (арыз) эсепке алуу Реестрине 2021-жылдын 12-апрелинде №1-номери менен катталды.

Лейлек районунун аймактык шайлоо комиссиясынын Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун мүчөлөрү 2021-жылдын 12-апрелинде саат 16:00дө аталган арызды карап-чыгып, арызда көрсөтүлгөн иш-аракеттер боюнча фактылар аныкталбагандыгы жана мыйзамдарда жоопкерчилик каралбагандыгы билдирип, корутунду чыгарган.

Жогорудагы маселелерди карап-чыгып Лейлек аймактык шайлоо комиссиясы

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. 2021-жылдын 12-апрелинде "Бүтүн-Кыргызстан"саясий партиясынын Исфана шаардык бөлүмүнөн келген арыз даттануулары боюнча Лейлек районунун аймактык шайлоо комиссиясынын Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун корутундусуна ылайык аталган арызды канааттандыруудан баш тартылсын.
2. Ушул чечим Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жана "Бүтүн-Кыргызстан" саясий партиясынын Исфана шаардык бөлүмүнө маалымат үчүн жөнөтүлсүн.

Төрага: А.Рахманов

Катчы: Н.Максутова